**2015-жылдагы Кыргыз Республикасындагы жакырчылыктын деңгээли**


Кыргыз Республикасындагы калктын жетиштүү жашоосун өлчөөнүн баалоосунун натыйжалары 5016 үй чарбаларын квартал сайын тартуу менен үй чарбаларынын жана жумушчу күчүнүн бюджеттеринин тандама интеграциялык изилдөөсүнүн негизинде болду. Сурамжылоонун натыйжалары керектөө чыгымдары боюнча эсептелген 2015-ж. жакырчылыктын деңгээли жалпысынан өлкө боюнча 32,1 пайызды түзүп, мурунку жылга карата 1,5 пайыздык пунктка көбөйгөнүн көрсөтөт.

Босоголук маани катары жакырчылыктын деңгээлин баалоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 25-мартындагы N 115 токтому менен бекитилген Жакырчылыктын чегин аныктоо методикасынын 3,7-пунктуна ылайык керектөө бааларынын орточо жылдык индексине индексирленген 2014-ж. жакырчылыктын чеги колдонулган. 2015-ж. жалпы жакырчылыктын чегинин нарктык чоңдугу калктын адам башына бир жылдын ичинде 31573 сомду, эң эле жакырчылык – 18234 сомду түздү.

Айыл жерлериндеги жакырчылыктын деңгээли 1,0 пайыздык пунктка, ал эми шаар жерлеринде - 2,4 пайыздык пунктка көбөйдү.

2015-жылдагы жакырчылыктын чегинде 1 млн. 931 миң адам жашаган, анын ичинен 67,7 пайызы айылдык калктуу пунктунун жашоочулары болуп саналган.

**1-график: Жашаган жери боюнча жакырчылыктын деңгээлинин өзгөрүлүшү**
*(калктын санына карата пайыз менен)*




2015-жылы мурунку жылга карата жакырчылыктын деңгээлинин өсүүсү Ош жана Жалал-Абад облустарын кошпогондо республиканын бардык региондорунда белгиленди. Жакырчылыктын өлкөнүн региондору боюнча жайылышы бирдей эмес.

Ош жана Жалал-Абад облустарындагы жакырчылыктын деңгээли тиешелүүлүгүнө жараша 2,8 жана 1,3 пайыздык пунктка төмөндөдү. Жакырчылыктын өсүүсү Нарын (7,4 пайыздык пунктка), Чүй (3,2 пайыздык пунктка) облустарында, Бишкек (6,0 пайыздык пунктка) жана Ош шаарларында (4,9 пайыздык

пунктка) байкалды. Жакырчылык Ысык-Көл жана Талас облустарында тиешелүүлүгүнө жараша 2,9 жана 2,4 пайыздык пунктка өстү, ал эми Баткен облусунда ал 0,5 пайыздык пунктка көбөйдү.


**1-таблица: Жакырчылыктын аймактар боюнча деңгээли**
*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **38,0** | **37,0** | **30,6** | **32,1** |
| Баткен облусу | 34,2 | 53,9 | 40,7 | 41,2 |
| Жалал-Абад облусу | 55,7 | 46,4 | 46,4 | 45,1 |
| Ысык-Көл облусу | 28,1 | 39,5 | 26,0 | 28,9 |
| Нарын облусу | 39,9 | 43,8 | 30,6 | 38,0 |
| Ош облусу [1] | 51,4 | 43,4 | 31,7 | 28,9 |
| Талас облусу | 39,6 | 23,1 | 19,0 | 21,5 |
| Чүй облусу | 16,6 | 23,6 | 21,6 | 24,8 |
| Бишкек ш. | 21,4 | 20,4 | 17,6 | 23,5 |
| Ош ш. | - | 40,9 | 33,4 | 38,3 |

[1] 2012-ж. Ош ш. кошкондо

2015-жылдагы эң эле жакырчылыктын деңгээли 1,2 пайызды түзүп, мурунку жылдын деңгээлинде калды. 2015-жылдагы эң эле жакырчылыктын чегинде 75 миң адам жашаган, анын ичинен 70,5 пайызы айылдык калктуу пунктунун жашоочулары болуп саналган. Шаар жерлериндеги эң эле жакырчылыктын деңгээли 0,3 пайыздык пунктка төмөндөп, ошончолук эле деңгээлде айыл жерлеринде өстү.

**2-график: Жашаган жери боюнча эң эле жакырчылыктын деңгээлинин өзгөрүлүшү**
*(калктын санына карата пайыз менен)*




Жакырчылыктын чегине салыштырмалуу жакырлардын бюджетинин таңсыктыгын мүнөздөгөн жакырчылыктын тереңдиги 2015-ж. 5,9 пайызды түзүп, мурунку жылга салыштырмалуу 1,6 пайыздык пунктка өстү, жакырчылыктын курчтугу 0,2 пайыздык пунктка көбөйүп, 1,6 пайызды түздү.

2015-жылы жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган калктын каражаттарынын таңсыктыгынын көлөмү 11232,2 млн. сомду түздү, бул мурунку жылга караганда 1799,1 млн. сомго көп.

Жакырчылыктын деңгээлин эсептөө үчүн калктын кирешелеринен түздөн-түз көз каранды болгон керектөөнүн наркы пайдаланылат. 2015-жылдагы калктын адам башына эсептегенде колдо болгон акчалай кирешелер айына 4074,5 сом деңгээлинде түзүлүп, мурунку жылга салыштырганда 3,0 пайызга көбөйгөн, бул абсолюттук мааниде 117,0 сомду, ал эми алардын реалдуу наркы 96,7 пайызды түздү. Калктын колунда болгон адам башына бөлүнгөн орточо кирешелеринин өсүүсү негизинен эмгек акыдан түшкөн кирешелердин 9,8 пайызга, жеке эмгек ишмердиги - 5,1 пайызга жана социалдык трансферттер – 7,0 пайызга өсүүсү менен шартталды. Муну менен бирге жеке көмөкчү чарбалардын продукцияларын сатуудан түшкөн кирешелердин 20,6 пайызга төмөндөшү белгиленди.

Калктын акчалай кирешелеринин негизги булактары колдо болгон кирешелердин түзүмүндөгү салыштырма салмагы 65,0 пайызды, социалдык трансферттер – 16,2 пайызды түзгөн эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелер жана жеке көмөкчү чарбада өндүрүлгөн айыл чарба продукцияларын 14,0 пайызга сатуудан түшкөн кирешелер болуп саналды.

Адам башына бөлүнгөн орточо колдо болгон кирешелердин түзүмүндөгү эмгек акынын үлүшү 40,1 пайызды, жеке эмгек ишмердиги – 16,9 пайызды түздү.

Кирешелердин 5,7 пайызы Кыргыз Республикасынын чек арасынан тышкары ишке ашкан калктын эмгек ишмердигине туура келет. Эмгек миграциясы мурдагыдай эле түштүк региондордун калкы үчүн көбүрөөк мүнөздүү, мында жалпы кирешелердеги өлкөнүн чек арасынан тышкары ишке ашкан эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелердин үлүшү Баткен облусунда 18,7 пайызды, Жалал-Абад облусунда – 11,6, Ош облусунда – 10,3 пайызды жана Ош шаарында - 4,6 пайызды түзгөн.

**2-таблица: Калктын колунда болгон акчалай кирешелеринин аймактар боюнча түзүмү**
(*пайыз менен*)

| | Эмгек ишмердиги | | Социалдык трансферттер | Жеке көмөкчү чарбадан түшкөн киреше | Башка киреше |
|---|---|---|---|---|---|
| | Бардыгы | анын ичинде Кыргыз Республикасынын чек арасынан тышкаркы | | | |
| **Кыргыз Республикасы** | **65,0** | **5,7** | **16,2** | **14,0** | **4,8** |
| Баткен облусу | 66,8 | 18,7 | 16,4 | 14,6 | 2,2 |
| Жалал-Абад облусу | 66,8 | 11,6 | 16,0 | 14,3 | 2,9 |
| Ысык-Көл облусу | 45,1 | 0,6 | 17,3 | 29,8 | 7,7 |
| Нарын облусу | 36,6 | 0,0 | 32,4 | 26,5 | 4,6 |
| Ош облусу | 62,6 | 10,3 | 16,1 | 15,5 | 5,8 |
| Талас облусу | 39,0 | 0,0 | 14,1 | 42,7 | 4,2 |
| Чүй облусу | 64,6 | 0,2 | 16,4 | 15,4 | 3,7 |
| Бишкек ш. | 81,6 | 0,0 | 13,7 | 0,0 | 4,8 |
| Ош ш. | 74,5 | 4,6 | 14,9 | 0,3 | 10,3 |

Түштүк региондордун калкынын материалдык бакубатчылыгына тышкы фактордун таасир эткени ачык көрүнүп турат. Керектөө наркынан эмгек

мигранттарынын кирешелерин алып салганда жакырчылыктын деңгээли орточо эсеп менен республика боюнча 32,1 пайыздан 38,4 пайызга чейин өсүп жатканын эсептер көрсөтөт. Муну менен бирге жакырчылык Жалал-Абад облусунда 45,1 пайыздан 55,8 пайызга чейин, Баткен - 41,2 пайыздан 56,4 пайызга чейин, Ош - 28,9 пайыздан 41,8 пайызга чейин, Ош шаарында – 38,3 пайыздан 43,6 пайызга чейин жогорулап, ошол эле убакта башка региондордо ал практикалык жактан өзгөрүүсүз калат. Эң эле жакырчылыктын деңгээли 1,2 пайыздан 7,1 пайызга чейин өсүп жатканын алып салганда эмгек мигранттардын кирешелери эң эле жакырчылыкка олуттуу таасир тийгизет.

**3-таблица: Кыргыз Республикасынын чек арасынан тышкаркы эмгек ишмердигинен түшкөн кирешелерди эсепке албаганда жакырчылыктын деңгээли**

*(калктын санына карата пайыз менен)*

| | 2012 | 2013 | 2014 | 2015 |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасы** | **44,6** | **43,5** | **36,4** | **38,4** |
| Баткен облусу | 48,5 | 66,2 | 55,4 | 56,4 |
| Жалал-Абад облусу | 61,8 | 56,3 | 57,4 | 55,8 |
| Ысык-Көл облусу | 29,9 | 39,7 | 26,1 | 29,1 |
| Нарын облусу | 39,9 | 43,8 | 30,6 | 38,0 |
| Ош облусу [1] | 66,7 | 59,7 | 42,9 | 41,8 |
| Талас облусу | 39,6 | 23,8 | 19,0 | 21,5 |
| Чүй облусу | 17,5 | 23,6 | 21,8 | 25,1 |
| Бишкек ш. | 21,7 | 20,4 | 17,6 | 23,5 |
| Ош ш. | - | 44,2 | 38,0 | 43,6 |

[1] 2012-ж. - Ош ш. кошкондо

Мурдагыдай эле жакырчылыктын чегиндеги калктын жыштыгы жогору. Жакырчылыктын чегинин сезгичтигинин талдоосу 2015-ж. жетиштүү жашоонун индикаторунун өзгөрүүсүз түзүлгөн чоңдугунда, айына жакырчылыктын чегинин 5 пайызга же 132 сомго өсүүсүндө жакырлардын үлүшү 5,6 пайыздык пунктка өсүп жатканын, ал эми жакырчылыктын чегинин 5 пайызга төмөндөшү менен жакырлардын үлүшү 4,7 пайыздык пунктка азайып жатканын көрсөтөт. Жакырчылыктын чегинин айланасындагы калктын тыгыз концентрациясы калктын олуттуу бөлүгү жакырлар эмес категориясынан жакырлар категориясына жана тескерисинче, жакырлар категориясынан жакырлар эмес категориясына өтүү мүмкүндүгүн жогорулатат, бул жакырчылыктын деңгээлинин региондор боюнча көрсөткүчтөрүндө чагылдырылат жана жарым-жартылай жакырчылыктын өзгөрүү тенденциясын түшүндүрөт.